2025/2026 окуу жылы үчүн

# ТАРЫХ



## ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

© Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги, 2025.
© Кыргыз билим берүү академиясы, 2025.

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# ТАРЫХ

Жалпы билим берүү уюмдарынын
6–12-класстары үчүн

БИШКЕК – 2025

## ТАРЫХ
## предметтик стандартын иштеп чыккандар:

**Иманкулов Муратбек Калматович –** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын башчысы (жооптуу).
**Элебесова Айгүл Бейшенакуновна –** педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери.
**Алымкожоев Өмүрбек Жумадилович –** тарых илимдеринин кандидаты, Чүй облустук мектеп-гимназиясынын директору.
**Молдожунусов Кыргыйбек** – Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун илимий кызматкери.

**Рецензенттер:**

**Асипбаева Майрам Бейшенакуновна –** тарых илимдеринин кандидаты, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин доценти.
**Абдыкадырова Гүлай Шариповна –** Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Болот Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарых мугалими.
**Орозбек кызы Гүлгаакы –** Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Жусуп Турусбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарых мугалими.

# ТАРЫХЫЙ БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛЫК МАМИЛЕ

**Тарыхый билим берүүгө *цивилизациялык мамиле* — бул кыргыз элинин жана жалпы эле чыгыш элдеринин тарыхый өнүгүү жолдорун батыштын үлгүлөрүнө окшоштурууга умтулбай, алардын өз өзгөчөлүктөрүн эске алып, өздөрүнүн дүйнөтаанымына, баалуулуктарына жана салттарына таянууну, ошондой эле байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейинки тарыхый жолундагы уланмалуулукту сактоону болжолдойт.**



## ТАРЫХЫЙ БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛЫК МАМИЛЕНИН ПРИНЦИПТЕРИ

**1.** Тарыхты европоборборчулук идеологияда эмес, мультикультурализм (плюрализм) идеясынын алкагында жана ***улуттук-жарандык идеологияда*** окутуу.

**2.** Тарыхты окутууда ***цивилизациялык*** жана ***дүйнө-системалык теорияларга*** басым жасоо.

**3.** ***Борбордук Азиядагы көчмөндөр цивилизациясын*** өз ичинен *бийик тоолордогу, жайык талаалардагы* жана *чөлдөрдөгү* ***көчмөн маданияттар*** болуп үчкө бөлүнгөндүгүн эске алуу.

**4.** Кыргыз тарыхында **Памирден түндүк-чыгышты карай Байкалга чейинки тоолорду мекендеген көчмөн элдердин** тарыхын жана маданияттарын өздөштүрүү.

**5.** Кыргыз элинин калыптанышына үңгүлүк салым кошкон көчмөн элдердин жашаган тоолуу жерлерин жалпысынан ***«Улуу тоолор»*** деген географиялык аталыш менен бириктирип атоо.

**6.** ***Саясий, экономикалык-юридикалык, социалдык, маданий*** жактан оозеки билимдерге негизделген жеке мектептер ж.б. институттар болгондугун ачып көрсөтүү.

**7.** ***Маданий-социалдык турмушту*** жөнгө салган үрп-адаттар, ***укук-милдеттерин*** көрсөткөн каада түшүнүгү, ***дүйнө таанымын*** калыптандырган оозеки элдик чыгармалар, жазылбаган ***мыйзамдарын*** чагылдырган макал-лакаптар сыяктуу баалуулуктарга багыт алуу.

8. Өнүгүү жолдорунун ***көп түрдүүлүгүн таануу.***

**9.** Өткөн доорлор жөнүндө ***элестетип түшүнүүлөрүн*** колдоо.

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги
12 жылдык билим берүү
Кыргыз билим берүү академиясы

# III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР

## ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕРИ БОЮНЧА

**Башталгыч жалпы билим берүү**

6-класста тарыхты окутуунун мазмундук багыттары

**Негизги жалпы билим берүү**

7–9-класстарда тарыхты окутуунун мазмундук багыттары

**Жалпы орто билим берүү**

10–12-класстарда базалык жана профилдик билим берүү моделдери

## 2025-2026-о.ж. ТАРЫХ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУ

| № | Жалпы билим берүү баскычтары | Классы | Программа |
|---|---|---|---|
| 1. | Тарых боюнча аңгемелер | 5-класс | 2025-ж, 6-класс программасы |
| 2. | Тарых | 6- класс | 2022-ж. программа |
| 3. | Тарых | 7–класс | 2025-ж., 7-класс өткөөл программа |
| | Тарых | 7–класс | 2025-ж., 7-класс программасы |

# ТАРЫХ

## ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫ

**5-КЛАСС** **7-КЛАСС**



© Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги, 2025.
© Кыргыз билим берүү академиясы, 2025.

© Даярдаган А. Б. Элебесова, 2025.

# ТАРЫХЫЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БАШКЫ МАКСАТЫ

**Мектептик тарыхый билим берүүнүн *башкы максаты* — мектеп окуучуларында евразиялык мейкиндиктин бир бөлүгү катары Кыргызстандын тарыхый-маданий өнүгүүсү жөнүндө комплекстүү жана көп кырдуу түшүнүктү, мекенчилдикти калыптандыруу, нарк-насилдик, адеп-ахлактык жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, маданий мурастарды урматтоону, азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталарды билүү жана алар менен сыймыктануу сезимдерин жана көп маданияттуу, глобалдашкан дүйнөдө жашоо үчүн зарыл болгон компетенцияларды жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу.**

## ТАРЫХ ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫ

**12 жылдык билим берүүнүн 6–9-класстары үчүн Тарых предмети боюнча окуу программалары КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы № 131-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык түзүлгөн ТАРЫХ предметтик стандартынын негизинде *цивилизациялык мамиле* өңүтүндө иштелип чыкты.**

*Долбоор*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ТАРЫХ
# ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫ

Жалпы билим берүү уюмдарынын
6–9-класстары үчүн

БИШКЕК – 2025

## ТАРЫХ ПРЕДМЕТИНИН ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ТОБУ:

**Иманкулов Муратбек Калматович,** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын башчысы (жетекчиси).

**Элебесова Айгүл Бейшенакуновна,** педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери.

**Алымкожоев Өмүрбек Жумадилович,** тарых илимдеринин кандидаты, Чүй облустук мектеп-гимназиясынын директору.

**Молдожунусов Кыргыйбе,** Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун илимий кызматкери.

***Т. А. Мамытов,*** Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Б. Алаков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарых мугалими.

***Ч. Жыргалбеков,*** Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы К. Тайлаков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарых мугалими.

**Рецензенттер:**

Бишкек шаарындагы Профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин тарых мугалимдери.

Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы жалпы орто билим берүү мектептеринин тарых мугалимдери.

# ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ:

## 1. ЦИВИЛИЗАЦИЯЛЫК МАМИЛЕ



**Тарыхый билим берүүгө *цивилизациялык мамиле* — бул кыргыз элинин жана жалпы эле чыгыш элдеринин тарыхый өнүгүү жолдорун батыштын үлгүлөрүнө окшоштурууга умтулбай, цивилизациялардын өз өзгөчөлүктөрүн эске алып, өздөрүнүн дүйнөтаанымына, баалуулуктарына жана салттарына таянууну, ошондой эле байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейинки тарыхый жолундагы уланмалуулукту сактоону шарттайт.**

# ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ:

## 2. ТАРЫХ КУРСУНУН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛЫК ӨҢҮТТӨГҮ НЕГИЗГИ МАЗМУНДУК БАГЫТТАРЫНЫН АНЫКТАЛЫШЫ

1. Цивилизация-лардын эволюциясы жана тарыхый процесс
2. Саясий жана мамлекеттик өнүгүү
3. Социалдык-экономикалык өнүгүү
4. Маданий-цивилизациялык багыт
5. Инсандык жана жарандык багыт

# ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ:

**3. «Кара-Кыргыз Автономиялык облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар жөнүндө» КР Президентинин 2024-жылдын 24-июлундагы № 205-Жарлыгын ишке ашырууга ылайык**

**АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮН ТҮПТӨГӨН АТАЛАР**

**деген аталыштагы бап боюнча 9 теманын жаңы киргизилиши.**









# ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

| | |
|---|---|
| **1. Таанып билүүчүлүк компетенттүүлүк** | Тарыхый процесстин, негизги окуялардын жана көрүнүштөрдүн негиздерин түшүнүү. |
| | Тарыхый булактарды (документтер, экспонаттар, сүрөттөр) талдоо жана чечмелей билүү. |
| | Тарыхый окуялардын ортосундагы себептик-натыйжалык байланыштарын аныктай билүү. |
| **2. Методологиялык компетенттүүлүк** | Тарыхты өздөштүрүүнүн ар кандай методдорун жана ыкмаларын (талдоо, салыштыруу, жалпылоо) колдоно билүү. |
| | Тарыхый карта, хронология жана башка визуалдык куралдар менен иштөө көндүмдөрү. |
| | Тарыхый суроолорду түзүп, аларга жооп таба билүү. |
| **3. Коммуникациялык компетенттүүлүк** | Өз оюн жана корутундуларын оозеки жана жазуу жүзүндө аргументтүү түрдө бере билүү. |
| | Тарыхый темалар боюнча ар кыл талкууларды жүргүзүү, башкалардын пикирлерин урматтоо. |
| | Тематикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү жага долбоордук ишмердүүлүктөрдүн презентацияларын көрсөтүү көндүмдөрү. |
| **4. Социалдык жана жарандык компетенттүүлүк** | Коомдун тарыхый өнүгүшүнүн шартында жаран катары өзүнүн ролун жана жоопкерчилигин түшүнүү. |
| | Тарыхый эстутумдун жана маданий мурастын маанилүүлүгүн түшүнүү. |
| | Тарыхый окуяларга жана алардын азыркы заманга тийгизген таасирине сын көз менен баа бере билүү. |
| **5. Тарыхый-маданий, адеп-ахлактык жана баалуулук компетенттүүлүгү** | Кыргызстандын маданий мурасынын негизги элементтерин (адат, эпос, архитектура, искусство, дин), ар түрдүү маданияттарды жана тарыхый салттарды сыйлоону калыптандыруу. |
| | Азыркы учурдагы маселелерди түшүнүү үчүн тарыхый иазмундун маанилүүлүгүн аңдап түшүнүү. |
| | Мекенчилдик жана жарандык жоопкерчилик сезимдеринин калыптанышы. |
| | Кыргыз маданиятынын Евразия цивилизациясынын өнүгүшүнө кошкон салымын аныктай билүү. |

# Жыйынтыктап айтканда:

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 6–12-класстары үчүн ТАРЫХ предметинин окуу программалары Кыргыз Республикасынын Конституциясына (46-берене), Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө Мыйзамына, 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына жана 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасына, ошондой эле 2021–2040-жылдары билим берүүнү өнүктүрүү программасына жана аны ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планына ылайык иштелип чыккан жана КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-октябрындагы № 654-токтому менен бекитилген 12 жылдык билим берүүнүн концепциясына (2024), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан «ТАРЫХ» предметтик стандартына ылайык түзүлдү.**

## Ден соолук жана Ийгилик!

# 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮНҮН СУНУШТАЛГАН ВАРИАНТЫ

Тарых

| Окуучунун туулган жылы | Окуу жылдары | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2024/ 2025 | 2025/ 2026 | 2026/ 2027 | 2027/ 2028 | 2028/ 2029 | 2029/ 2030 | 2030/ 2031 | 2031/ 2032 | 2032/ 2033 | 2033/ 2034 | 2034/ 2035 | 2035/ 2036 | 2036/ 2037 |
| | Класстар | | | | | | | | | | | | |
| 2019 | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| 2018 | 0 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | |
| 2017 | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | |
| 2016 | 2 | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | |
| 2015 | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | | |
| 2014 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | | | |
| 2013 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | | |
| 2012 | 6 | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | 11 жылдык стандарт | | | |
| 2011 | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | | | | |
| 2010 | 8 | 9 | 10 | 11 | | | | | | 12 жылдык стандарт | | | |
| 2009 | 9 | 10 | 11 | | | | | | | Интеграцияланган программалар | | | |
| 2008 | 10 | 11 | | | | | | | | | | | |

**Эскертүү:**

2028/2029-окуу жылы — 9-класстын окуучуларын кош бүтүрүү.

2028/2029-окуу жылы — 12 жылдык мектепти аяктагандыгы үчүн аттестат бериле баштайт.

2036/2037-окуу жылы — толук 12 жылдык программа боюнча биринчи бүтүрүү.

# УРМАТТУУ ПЕДАГОГДОР!

12 жылдык билим берүүгө өтүүнүн сунушталган вариантында көрсөтүлүп тургандай, 2025/2026-окуу жылында 5- жана 7-класстар 11 жылдык билим берүү тутумунда окутулат.

Ошол эле жерде 2025/2026-окуу жылындагы 5-класс эмдиги, 2026/2027-окуу жылында 12 жылдык билим берүү тутумундагы 7-класс болору көрсөтүлгөн. Демек, «секирик» жасалат.

Ошондуктан Тарых предмети боюнча 5–9-класстар үчүн өткөөл окуу программалары иштелип чыкты.

*Долбоор*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ТАРЫХ
# ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫ

Жалпы билим берүү уюмдарынын
5–9-класстары үчүн

БИШКЕК – 2025

## ТАРЫХ ПРЕДМЕТИНИН ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ТОБУ:

**Иманкулов Муратбек Калматович,** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын башчысы (жетекчиси).
**Элебесова Айгүл Бейшенакуновна,** педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери.
**Алымкожоев Өмүрбек Жумадилович,** тарых илимдеринин кандидаты, Чүй облустук мектеп-гимназиясынын директору.
**Молдожунусов Кыргыйбе,** Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун илимий кызматкери.

**Рецензенттер:**

Бишкек шаарындагы Профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин тарых мугалимдери.

"Тарыхты танганын —
тамырсыз калганың !"

*Нурмолдо.*

Көңүл бурганыңыздар үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз!






